**550300 “Филологиялык билим берүү” багыты боюнча 4-курстун студенттери үчүн “Кеп маданияты жана риторика” окуу дисциплинасы боюнча аннотациясы**

| | |
|---|---|
| **Дисциплинанын аталышы** | **Кеп маданияты жана риторика** |
| **Дисциплинанын мазмуну** | • кеп маданиятынын жана риториканын теориялык негиздерин үйрөтүү;<br>• профессионалдык жана академиялык сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү;<br>• аргументация жана ишендирүү ыкмаларын өздөштүрүү;<br>• эл алдында ишенимдүү сүйлөөгө үйрөтүү;<br><br>сынчыл ой жүгүртүүнү жана өзүн-өзү баалоо жөндөмүн калыптандыруу. |
| **Дисциплинанын максаты жана милдеттери** | Студенттердин англис тилинде **таасирдүү, маданияттуу, логикалуу жана этикалык жактан туура сүйлөө жөндөмдөрүн** калыптандыруу.<br><br>**Милдеттери:**<br><br>• кеп маданиятынын жана риториканын теориялык негиздерин үйрөтүү;<br>• профессионалдык жана академиялык сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү;<br>• аргументация жана ишендирүү ыкмаларын өздөштүрүү;<br>• эл алдында ишенимдүү сүйлөөгө үйрөтүү;<br><br>сынчыл ой жүгүртүүнү жана өзүн-өзү баалоо жөндөмүн калыптандыруу. |
| **Окутуунун натыйжалары** | **«Кеп маданияты жана риторика» дисциплинасын окуп-үйрөнүү аягына чыккан соң студенттер** англис |

| | |
|---|---|
| | тилинде оозеки кеп маданиятынын негиздерин жана классикалык жана заманбап риториканын принциптерин өздөштүрүү менен бирге, профессионалдык, академиялык жана коомдук чөйрөдө туура, так жана таасирдүү сүйлөө жөндөмүнө ээ болушат. Студенттер логикалуу жана жүйөлүү ой жүгүртүп, аргументацияны туура түзүүгө, эл алдында ишенимдүү сүйлөөгө, презентацияларды жана докладдарды даярдоого, дебат жана талкууларда өз позициясын маданияттуу түрдө коргоого, сөз этикасын жана коммуникациялык нормаларды сактоого үйрөнүшөт.<br><br>Ошондой эле студенттер өз кеп ишмердүүлүгүн талдоого жана баалоого, аудиториянын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сүйлөө стилин тандап алууга, вербалдык жана вербалдык эмес каражаттарды туура колдонууга байланыштуу **билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө** ээ болуп, англис тилинде окутулуучу кийинки адистештирилген дисциплиналарды ийгиликтүү өздөштүрүүгө жана кесиптик ишмердүүлүккө даярдык көрө алышат. |
| **Калыптандыры луучу компетентцияла р** | **КК-5 , КК– 6, КК-16** |
| ***КК-5*** | ***Билим алуучуларды негизги улуттук баалуулуктардын негизинде руханий-адептик тарбиялоо шарттарын жана принциптерин түзүүгө жана ишке ашырууга жөндөмдүү.***<br><br>**Билет:**<br><br>• кеп маданиятынын этикалык нормаларын, сылык сүйлөө эрежелерин билет. |

| | |
|---|---|
| | **Кыла алат:**<br>• сүйлөөдө этикалык нормаларды сактап, маданияттуу баарлашууну көрсөтөт жана башкаларга үлгү боло алат.<br>**Ээ болот:**<br>• маданияттуу, жоопкерчиликтүү жана этикалык коммуникация жүргүзүү көндүмдөрүнө ээ. |
| **КК-6** | ***Билим берүү жана тарбия маселелери боюнча эксперттик-кеңеш берүү иштерине катышууга жөндөмдүү, инновациялык долбоорлордун ишине катыша алат, ошондой эле конкреттүү социалдык-маданий шарттарды эске алуу менен долбоорлорду иштеп чыга алат.***<br>**Билет:**<br>• коомдук сүйлөө, презентация жана долбоордук иштерди уюштуруу негиздерин билет..<br>**Кыла алат:**<br>• презентацияларды, коомдук сүйлөөлөрдү жана риторикалык долбоорлорду даярдап, ишке ашыра алат.<br>**Ээ болот:**<br>• өз оюн негиздеп жеткирүү, аудитория алдында ишенимдүү сүйлөө жана долбоорлорго катышуу көндүмдөрүнө ээ. |
| **КК-16** | ***Үйрөнүлүп жаткан тилдин социалдык-маданий өзгөчөлүктөрүнө ылайык оозеки жана жазуу түрүндөгү баарлашуунун стратегиясын түзө жана колдоно алат.***<br>**Билет:**<br>• баарлашуунун түрлөрүн, риторикалык ыкмаларды жана социалдык-маданий нормаларды билет.<br>**Кыла алат:**<br>• дебат, презентация, интервью сыяктуу кырдаалдарда туура баарлашуу стратегиясын колдонуп сүйлөй алат.<br>**Ээ болот:**<br>• натыйжалуу коммуникация жүргүзүү жана |

| | |
|---|---|
| | аудиторияга таасир этүү көндүмдөрүнө ээ. |
| **Дисциплинанын негизги билим берүү программасынын (НББП) түзүмүндөгү орду** | **Б.1.3.22** |
| **Пререквизиттери** | Студент төмөнкү сабактарды жана билимдерди өздөштүргөн болушу керек:<br>• **Кыргыз тили** – тилдин нормалары, орфоэпия, орфография, пунктуация.<br>• **Тил илимине киришүү (Введение в языкознание)** – тилдин түзүлүшү жана функциялары.<br>• **Англис тилинин практикалык курсу (Practical English Course)** – оозеки жана жазуу кеп көндүмдөрү.<br>• **Академиялык жазуу (Academic Writing)** – илимий жана расмий стильде текст түзүү негиздери.<br>• **Маданияттар аралык коммуникацияга киришүү** – социомаданий өзгөчөлүктөрдү түшүнүү.<br>Студент:<br>• адабий тил нормаларын билет;<br>• тексттин түзүлүшүн жана стилистикалык өзгөчөлүктөрүн түшүнөт;<br>• англис жана кыргыз тилдеринде базалык коммуникация жүргүзө алат. |
| **Постреквизиттери** | Бул сабак төмөнкү кесиптик жана адистик сабактарды ийгиликтүү өздөштүрүүгө негиз болот:<br>• **Англис тилинин стилистикасы (Stylistics of the English Language)**<br>• **Котормо теориясы жана практикасы (Theory and Practice of Translation)**<br>• **Адабият теориясы (Literary Theory)**<br>• **Педагогикалык практика / чет тилин окутуунун методикасы (Methods of Teaching English)**<br>Сабакты аяктагандан кийин студент:<br>• оозеки жана жазуу кепти риторикалык талаптарга |

| | |
|---|---|
| | ылайык түзө алат;<br>• коомдук, академиялык жана ишкердик чөйрөдө натыйжалуу сүйлөй алат;<br>• аргументация, ынандыруу жана талкуу жүргүзүү көндүмдөрүнө ээ болот;<br>• кесиптик дисциплиналарда презентация, баяндама, илимий билдирүү жасоого даяр болот. |
| **Окутуучунун аты жөнү** | **Мамбеталиева Айзада Мукамбетовна** |